КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУНУН
ТАЛАС РАЙОНУНУН
КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
КУУГАНДИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КУУГАНДИНСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кууганды айыл аймагынын айылдык Кеңешинин**
**8-чакырылышынын 14- сессиясынын**

**2022-жылдын 1-ноябры №53** **Үч-Эмчек айылы**

**Айыл өкмөтүнүн штаттык бирдигиндеги эмгек акыга**
**өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кууганды айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-ноябрындагы №01-10-1019 сандуу каты, аппарат кызматкерлерине чен берилгендигине жана бала багуу боюнча эмгек акысы сакталбаган өргүүдөн ишке чыккан кызматкерге эмгек стажы боюнча эсептөө жүргөндүгүнө байланыштуу штаттык бирдигине өзгөртүү киргизүү максатында Кууганды айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кууганды айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Р.К.Муратовага, 2022-жылдын 1-сентябрындагы №10 айыл өкмөтүнүн буйругу менен кезектеги кийинки чен, "Муниципалдык кызматтын 2-класстагы кеңешчиси" ыйгарылгандыгына байланыштуу штаттык бирдиктеги эмгек акысына 100 (жүз) сом өзгөртүү киргизилсин.

2. Кууганды айыл өкмөтүнүн экономика жана статистика боюнча жетектөөчү адиси А.Качкынбай кызына, 2022-жылдын 1-сентябрындагы №10 айыл өкмөтүнүн буйругу менен алгачкы класстык чен, "Муниципалдык кызматтын кенже инспектору" ыйгарылгандыгына байланыштуу штаттык бирдиктеги эмгек акысына 600 (алты жүз) сом өзгөртүү киргизилсин.

3. Кууганды айыл өкмөтүнүн маалыматтык компьютердик технологиялар боюнча адиси К.А.Ашымова бала багуу боюнча эмгек акысы сакталбаган эмгек өргүүдөн 2022-жылдын 29-августундагы №9 айыл өкмөтүнүн буйругу ишке чыккандыгына байланыштуу штаттык бирдиктеги эмгек акысына 1478 (бир миң төрт жүз жетимиш сегиз) сом өзгөртүү киргизилсин.

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Б.С.Молдокуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ф.К.Токушев**